"Бекитемин"
Мектеп директору: __________ Какаева.М.С.
"9" 09 __________ 2022ж.

# №7 Таштемир Сатыбалдиев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин турткy беруу эмгек акы фондусун бөлуштуруу жөнундө ЖОБО

## 1. Жалпы бөлүк

Ушул Жобо мектептин кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугу жана сапаты учун турткy беруучу толомдөрду бөлуштуруунун тартибин, турткy беруучу толомдөрду бөлуштурууго катышкан билим беруу процессинин катышуучуларынын тартибин аныктайт, Жобого мугалимдердин жана башка кызматкерлердин эмгегине баа бериши жааматтын жалпы чогулушунда кабыл алынган индикаторлорунун тизмеси тиркелет.

Мектептин эмгек акы фондусунун турткy беруучу бөлугу кызматкерлердин арасында эмгектик катышуу упайлардын негизинде бөлуштурулот. Эмгектик катышуу упайлары жааматтын ар бир мучөсунун мектебинин ишине жалпы натыйжаларына кошкон жеке салымына объективдуу баа берилишин чагылдырып турат. Билим беруунун МЫКТЫСЫ наамы бар мугалимдерге упайлар кошулат, олимпиадага катышып байгелуу орундарга ээ болсо, шаардык, райондук семинарларды өткөргон учурда упайлар администрациялык келешменин чечиминин негизинде берилет. Сабакты себепсиз калтырган мугалимге жана администрациялык жаза алган мугалимге турткy беруучу толом каралбайт. Ушул жобо мектептин кызматкерлеринин окуу- тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуудагы чыгармачыл активдуулугун жана демилгесинин онугуусунун жуйолорун кучотуу максатында иштелип чыккан документ болуп эсептелет.

## 2. Билим берту процессинин калышуучуларынын милдеттери.

Педагогикалык персонал
Жеке жетишкендиктеринин портфолиосун калыптандырат.
Оз ишине оз алдынча баа берууну жузого ашырат,,озунун эмгек паспортун алдын ала толтурат.
Толтурулган эмгек паспортун методикалык бирикменин эмгек паспортгорун толтуруу боюнча комиссияга берет.

Мектептин методикалык бирикмелеринин эмгектик паспортторун толтуруу боюнча комиссиясы:

Мугалимдин эмгектик паспортун кабыл алат,изилдеп чыгат, талкуулайт,толуктоолорду киргизет.

Муралимдин ишинин натыйжалуулутунун жана сапатынын ар бир индикатору боюнча упайларды белгилейт;

Иштин натыйжаларына баа беруу протоколун жазат жана мугалимдин ишинин натыйжалуулугуна жана сапатына баа беруу таблицасын толтурат.

Мектептин эксперттик комиссиясы:

Мугалимдердин ишинин упайларын белгилейт.

Метод бирикменин ишинин натыйжаларына баа беруучу мугалимдердин баалама барактарын кабыл алат.

Зарыл учурда коюлган упайлардын иш жузундогу натыйжаларга ылайык келишин белгилейт,айрым мугалимдердин упайларын томондошу же жогорулатуу жонундо чечим кабыл алынат.

Мектептин ар бир педагогу боюнча упайлардын олчомдорун мектептин директорунун бекитишине берет.

Мектептин кызматкерлерине алардын ишине баа беруусунун натыйжалары жонундо маалымат берет.

Мектептин эксперттик кенеши :

Кызматкерлердин озунун ишинин натыйжаларына берилген бааларга макул эместиги жонундогу жазуу жузундогу арызын кабыл алат жана упайлар жонундогу чечими кабыл алынгандан кийин 3жумуш кундун ичинде каралат.

Кызматкерлердин ишинин натыйжаларына берилген бааны озгортуш же озгортпой калтыруу жонундо 5жумуш кундун ичинде негизделген чечим чыгарып. Мектептин директоруна эксперттик кенештин чечими берет.

Мектептин директору :

Ушул Жобону мектептин эксперттик комиссиясы жонундо жобону,ММБ комиссиясыжонундогуЖобону,документгерди эсепке алуу жана сактоо жонундо Жобону бекитет;

Мектептин эксперттик комиссиясынын корсотуусу боюнча ММБ усун эмгекти катышуунун упайларынын олчомун бекитет

Администрациялык персоналдын ИШИНе баа берет жана чарбалык болук боюнча орун басары менен биргелешип мектептин окуу-комокчу чарбалык персоналынын ишине баа берет.

Мектептин кызматкерлерине упайларды белгилөө жонундо буйрук чыгарат.

Милдеттуу:

Иштин натыйжалуулугу жана сапаты учун туртку беруучу толомдорду болуштуруудо ченемдик жана локалдык актылардын талаптарын сактоого милдеттуу.

ММБнин эксперттик комиссиясынын .эксперттик кенештин укуктары жана милдеттери мектептин локалдуу актылары тарабынан аныкталат.

ЖОБОжалпы мектеп кызматкерлеринин чогулушунда кабыл алынды.